| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы биринчи сессиясы

ТОКТОМ № 21-1

Мундуз айылы 30-март 2026-жыл

**Салыктык эмес кирешелер жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Салыктык кирешелер жөнүндө” Кодексине, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 27-мартындагы №01-28/702 катынын негизинде, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 30-мартындагы отурумунун № 12 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагындагы калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн юридикалык жактар, жеке ишкерлер, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер жумушчулардын санын эсепке алуу менен бир жумушчуга 100 (жүз) сом өлчөмүндө жыйым бекитилсин.

2. Айыл аймакта жыйымды төлөө жана эсептөөлөрдү тапшыруу мөөнөтү жылдын 1-апрелине чейин бекитилсин.

3. Жылдын 1-апрелинен кийин катталган жаңы субъектилер үчүн жыйымды төлөө жана эсебин тапшыруу мөөнөтү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик салык төлөөчүнүн реестрине киргизилген айдан кийин, 20сынан кечиктирилбестен калктуу конуштардын таштандыларын чыгаруу үчүн жыйым төлөнсүн жана эсептөөлөрү тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн тийиштүү адистерине жүктөлсүн.

5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырма биринчи сессиясы

ТОКТОМ №21-2

Мундуз айылы 30-март 2026-жыл

**Ак-Баш айылындагы жер аянтын муниципалдык менчикке алуу максатында жер аянтын бир багытынан башка багытка которуу жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 7-мартындагы № 01-28/535 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 30-мартындагы отурумунун № 10 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ак-Баш айылынын №333 контурунда жайгашкан 0,12 га жер аянтын муниципалдык менчикке алуу максатында 1200 чарчы метрди ээлеген жер аянтын «Айыл чарба жерлери» категориясынын курулуш алдындагы жерлери түрүнөн «Калктуу конуштун жерлери» категориянын турак жай зонасы (ишкердик зона) жерлери түрүнө которууга макулдук берилсин.

2. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**КЫЗЫЛ-ТУУ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырма биринчи сессиясы

ТОКТОМ №21-3

Мундуз айылы 30-март 2026-жыл

**Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасындагы жер аянтын бир багытынан башка багытка которуу жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун 2026-жылдын 9-мартындагы № 01-28/540 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 30-мартындагы отурумунун № 10 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXI сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Талаа-Булак айылынын Көк-Булак участкасындагы №25, №26 контурларында жайгашкан 1,0 га жер аянтын «Айыл чарба багытындагы жерлери» категориясынын курулуш астындагы жерлери түрүнөн, социалдык объекти катарында ден-соолукту чыңдоочу спорт мектебин куруу үчүн максаттуу багытын «Калктуу конуштардын жерлери» категориясы жерлери түрүнө которууга макулдук берилсин.

2. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырма биринчи сессиясы

ТОКТОМ №21-4

Мундуз айылы 30-март 2026-жыл

**Ат майданга ат берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамын, Кыргыз Республикасынын "Географиялык аталыштар жөнүндө" мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун 2026-жылдын 30-мартындагы № 01-23/720 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 30-мартындагы отурумунун № 14 протоколу боюнча Кызыл-Туу айылдык кеңешинин депутаттарын угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXI сессиясы **токтом кылат**:

1. Таштак айылындагы Осумбек-Булак участкасында долбоорлонуп жаткан улак чапчуу ат майданы "Осумбек ата муниципалдык ат майданы" деп аталсын.

2. Ат майданга Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**